**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ
ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ**

**К.Ш. ТОКТОМАМАТОВ АТЫНДАГЫ
ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТ**

**К.Ш. ТОКТОМАМАТОВ АТЫНДАГЫ
ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТТИН
2026-2027-ОКУУ ЖЫЛЫНА**

# КОМПЛЕКСТҮҮ ИШ МЕРЧЕМИ



**Манас – 2026-ж.**

**«Б Е К И Т Е М»**
К.Ш. Токтомаматов атындагы
Эл аралык университеттин ректору
_________ э.и.д., проф. А.К. Кантөрөева
2026-жылдын 25-июну

К.Ш. Токтомаматов атындагы Эл аралык университеттин 2026-2027-окуу жылына

**КОМПЛЕКСТҮҮ ИШ МЕРЧЕМИ**

| № | Иш-чаралар мазмуну | Аткаруу мөөнөттөрү | Жооптуулар |
|---|---|---|---|
| 1. | К.Ш. Токтомаматов атындагы Эл аралык университеттин 2020-2030-жылдары өнүгүү стратегиясын илгерилетүү, коррекциялоо, мезгил чакырыктарына ылайыкташтыруу. | 2026-ж. 25.08. | Ректорат, Окумуштуулар кеңеши, Камкордук кеңеш |
| 2. | ЭАУнун Окумуштуулар кеңешинин иш мерчемин иштеп чыгуу, бекитүү жана жүзөгө ашыруу.<br>Илимий-изилдөө иштеринин, инновациялык билим берүү технологияларынын жана эл аралык байланыштар боюнча перспективалык иш мерчемдерин иштеп чыгуу, бекитүү жана жүзөгө ашыруу.<br>Магистратуранын, аспирантуранын угуучуларын кабыл алуу, контингентик тактоо, окуу жараянын уюштуруу. | 2026-ж. 26.08.<br><br>2026-ж. сентябрь-октябры | Илим, эл аралык байланыштар жана инновациялык билим берүү технологиялары боюнча проректор, окумуштуу катчы, илим, аспирантура жана докторантура бөлүмү, магистратуранын жогорку мектеби, эл аралык байланыштар бөлүмү |
| 3. | Окуу-усулдук кеңештин иш мерчемин иштеп чыгуу, талкуулоо жана бекитүү. Окуу жараянын уюштуруу маселелерин, жогорку жана орто кесиптик билим берүүнүн жана адистерди даярдоонун усулдук маселелерин, студенттик контингенти окуу-усулдук камсыздоодо профессор-окутуучулар курамынын ишмердигин координациялоо маселелерин кароо, керектүү иш-чараларды колго алуу, илгерилетүү.<br>Монографияларды, окуу-усулдук колдонмолорду, окуу китептерин кароо, басмаканадан чыгарууга, КР Билим | 2026-ж. 26.08.<br><br>2026-2027-окуу жылы бою | Окуу-усулдук кеңеш, Аккредитация жана билим берүү сапаты департаменти, Окуу-көзөмөл департаменти |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | берүү жана илим министрлигинин грифи менен чыгарууга сунуштоо. | | |
| 4. | Жаңы окуу жылына карата окуу жараянынын мөөнөттөрүн, окуу мерчемдерин, жумушчу окуу мерчемдерин бекитүү, илгерилетүү жана көзөмөлдөө. | 2026-ж. 26.08.<br><br>2026-2027-окуу жылы бою | Окуу иштери боюнча проректор, Окуу-көзөмөл департаменти, Аккредитация жана билим берүү сапаты департаменти,<br>ҮАББИ, ЭАКТИ, ГЭК, ЭАКТК, ЭАМК дирекциялары, кафедра башчылары |
| 5. | Жогорку жана орто кесиптик билим берүү сапатын арттыруу боюнча мерчемдүү иш-чараларды жүргүзүү. Аккредитациялардан өз мөөнөтүндө өтүүлөрдү камсыздоо. | 2026-2027-окуу жылы бою | Аккредитация жана билим берүү сапаты департаменти, ҮАББИ, ЭАКТИ (ЭАКТК), ГЭК, ЭАМК дирекциялары, кафедра башчылары |
| 6. | Китепкана корунун иштиктүүлүгүн, бүтүндүгүн камсыздоо. Жаңы окуу китептеринин, колдонмолордун, көркөм адабияттардын жана мезгилдик басылмалардын үзгүлтүксүздүгүн камсыздоо. Китеп сүйүүчүлөрүнүн санын арттыруу, аларга жагымдуу шарттарды түзүү. Алынуучу окуу китептеринин жана колдонмолорунун тизмесин каржылоо. | 2026-2027-окуу жылы бою | Борбордук китепкана дирекциясы |
| 7. | 2026-2027-окуу жылынын башталышына карата ЭАУнун бардык окуу аянттарынын, чарбалык аянттарынын, анын ичинде жатаканасынын толук даярдыгын камсыз кылуу. | 2026-ж. 25.09. | Ректорат, Окуу-көзөмөл департаменти, чарба бөлүмү |
| 8. | Студенттер контингентин тактоо, студенттер катарына киргизүү, курстан курска которуу боюнча билдирүүлөрдү, буйруктарды даярдоо, окууну аяктагандардын дипломдорун даярдоо жана колуна тапшыруу. | 2026-ж. июль-сентябры<br>2027-ж. июль-сентябры | Окуу иштери боюнча проректор, студенттик кадрлар бөлүмү,<br>ҮАББИ, ЭАКТИ (ЭАКТК), ГЭК, ЭАМК дирекциялары |
| 9. | AVN маалыматтык тутумунун иштиктүүлүгүн камсыздоо. Электрондук маалыматтар базасынын бүтүндүгүн камсыздоо. Техникалык базаны бекемдөө, арттыруу | 2026-2027-окуу жылы бою | Ректорат, Маалыматтык технологиялар борбору |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | максатында сервердик жабдууну жана аны коштоочу жабдыктарды толуктоо. | | |
| 10. | ЭАУнун профессор-окутуучулар курамы жана кызматкерлери арасында коррупциянын алдын алуу, болтурбоо боюнча максаттуу түшүндүрүү иштерин жүргүзүү, кышкы жана жайкы сынактарды, окуу жайга кирүү сынактарын, академиялык карыздарды жоюуну коррупцияны болтурбоо маселелеринде көзөмөлдөө. | 2026-2027-окуу жылы боюу | ЭАУда коррупциянын алдын алуу боюнча комиссиясы |
| 11. | ЭАУнун уюштуруу-тарбия иштеринин комплекстүү мерчемин бекитүү жана илгерилетүү. | 2026-ж. 25.08.<br><br>2026-2027-окуу жылы боюу | Окуудан сырткары иштер, мамлекеттик тил жана коомчулук менен байланыштар боюнча проректор, Кураторлор кеңеши, ҮАББИ, ЭАКТИ (ЭАКТК), ГЭК, ЭАМК дирекиялары |
| 12. | ЭАУнун профессор-окутуучулар курамынын, кызматкерлеринин текши медициналык кароодон өтүүсү, медициналык китепчелин толтуруу. | 2026-ж. 25-августуна чейин | Ректорат, медициналык түйүн, ҮАББИ, ЭАКТИ (ЭАКТК), ГЭК, ЭАМК дирекиялары |
| 13. | ЭАУнун бардык окуу-кызматтык, каржы-чарбалык, жашоо-тиричилик (жатакана) аянттарында тийиштүү санитардык залалсыздандыруу иштерин жүргүзүү, санитардык көзөмөлдү жүргүзүү | 2026-ж. 25-августуна чейин<br><br>2026-2027-окуу жылы боюу | Ректорат, медициналык түйүн, чарба бөлүмү |
| 14. | ЭАУнун каржы-чарбалык ишмердигинин негизги багыттарын аныктоо, бюджетинин киреше бөлүгүн камсыздоо, ички жана тышкы инвестициялардын жана кошумча кирешелердин булактарын аныктоо-тактоо, инвестицияларды тартуу. | 2026-ж. июль-август<br>2027-ж. июль-август<br><br>2026-2027-окуу жылы боюу | Ректорат, экономика, эсеп-кысап, жыйынтыктоо жана каржы бөлүмү, чарба бөлүмү |
| 15. | ЭАУнун Үзгүлтүксүз ачык билим берүү институтунун, Эл аралык Кыргыз-Түрк институтунун (Эл аралык Кыргыз-Түрк колледжинин), Гуманитардык-экономикалык колледжинин, Эл аралык медициналык колледжинин 2026- | 2026-ж. 25-августу<br><br>2026-2027-окуу жылы боюу | Ректорат, ҮАББИ, ЭАКТИ, ГЭК, ЭАКТК, ЭАМК дирекциялары, кафедра башчылары |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | 2027-окуу жылына окуу, илимий, тарбиялык иш-чараларын камтыган иш мерчемдерин бекитүү, жүзөгө ашыруу, жүзөгө ашырылышын көзөмөлдөө, о.э. аталган институттардын жана колледждердин кафедраларынын иш мерчемдерин бекитүү, жүзөгө ашыруу, жүзөгө ашырылышын көзөмөлдөө | | |
| 16. | ЭАУнун окуу-көмөкчү кызматтарынын, каржы-чарбалык бөлүмдөрүнүн иш мерчемдерин кароо, бекитүү жана жүзөгө ашыруусун көзөмөлдөө. | 2026-ж. 25-августу<br><br>2026-2027-окуу жылы бою | Ректорат, окуу-көмөкчү кызматтар, эсеп-кысап, жыйынтыктоо жана каржы бөлүмү, чарба бөлүмү |
| 17. | ЭАУнун Жаштар иштери боюнча комитетинин иш мерчемин иштеп чыгуу, бекитүү, жүзөгө ашыруу.<br>ЭАУнун Жаштар иштери боюнча комитетинин, Студенттик парламентинин курамын тактоо, жаңылоо.<br>Студенттик тайпаларда өзүн-өзү башкаруу уюмдарын түзүү, иштиктүүлүгүн уюштуруу, студенттердин ата-энелери, камкорчулары менен тыгыз байланыштарда болуу. | 2026-ж. август-сентябры<br><br>2026-2027-окуу жылы бою | Окуудан сырткары иштер, мамлекеттик тил жана коомчулук менен байланыштар боюнча проректор, Жаштар иштери боюнча комитет, Студенттик парламент ж.б. жаштар уюмдары, долбоорлору, Кураторлор кеңеши, тайпа кураторлору |
| 18. | ЭАУнун бүтүрүүчүлөрүнүн жана шериктештеринин ассоциациясынын иштиктүүлүгүн камсыздоо. ЭАУнун бүтүрүүчүлөрүн иш менен камсыздоо максатында иш берүүчү уюм-мекемелер жана ишканалар менен тыгыз кызматташуу. | 2026-2027-окуу жылы бою | Ректорат, Карьера жана ишке жайгаштыруу борбору |
| 19. | ЭАУнун Маданий-эстетикалык борборунун иш мерчемин иштеп чыгуу, бекитүү жана жүзөгө ашыруу.<br>ЭАУнун Маданий-эстетикалык борборунун секцияларын иштетүү. | 2026-ж. 25.09.<br><br>2026-2027-окуу жылы бою | Окуудан сырткары иштер, мамлекеттик тил жана коомчулук менен байланыштар боюнча проректор, Маданий-эстетикалык борбор |
| 20. | ЭАУда кесиптик кошуундар кыймылынын иштиктүүлүгүн камсыздоо. ЭАУнун Кесиптик кошуун комитетинин ишин уюштуруу. Эмгекчилердин кызыкчылыктарын коргоо, | 2026-2027-окуу жылы бою | Кесиптик кошуун комитети |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | жамааттык ынтымакты бекемдөө. Коомдук демилгелерди колдоо, жамааттын коомдук иш-чараларын уюштуруу. | | |
| 21. | ЭАУнун жатаканасындагы жашоо-тиричилик шарттарын камсыздоо, көзөмөлдөө. Медициналык түйүндүн иштиктүүлүгүн камсыздоо, көзөмөлдөө. | 2026-ж. 25.09.<br><br>2026-2027-окуу жылы бою | Окуудан сырткары иштер, мамлекеттик тил жана коомчулук менен байланыштар боюнча проректор, чарба бөлүмү, жатакана тарбиячылары, медициналык түйүн |
| 22. | ЭАУда коопсуздук техникасынын бардык талаптарынын аткарылышын камсыздоо, көзөмөлдөө.<br>Коомдук коопсуздукту, материалдык-техникалык базанын бүтүндүгүн камсыздоо, көзөмөлдөө. | 2026-2027-окуу жылы бою | Чарба бөлүмү, Коопсуздук кызматы, бөлүм жана кызмат башчылары. |
| 23. | “Талапкер-2027” өнөктөштүгүн уюштуруу, анын ичинде жер-жерлерде, жалпы маалымат каражаттарында, социалдык тармактарда кесиптик багыт берүү иштерин жүргүзүү, талапкерлерди кабыл алууну уюштуруу. Жаңы окуу жылына окуу акысынын өлчөмдөрүн бекитүү. | 2027-ж. апрель-августу | Кабыл алуу комиссиясы, экономика, эсеп-кысап, жыйынтыктоо жана каржы бөлүмү, чарба бөлүмү |
| 24. | ЭАУнун ишмердигин жалпы маалымат каражаттарында, социалдык тармактарда чагылдыруу. | 2026-2027-окуу жылы бою | Окуудан сырткары иштер, мамлекеттик тил жана коомчулук менен байланыштар боюнча проректор, Маалыматтык технологиялар борбору |
| 25. | “Университет 4.0” концепциясын, моделин жүзөгө ашыруу аракеттерин колго алуу, т.а. интерактивдик жана жекелештирилген билим берүү чөйрөсүн түзүү үчүн санариптик технологияларды колдонууну илгерилетүү, интерсабакташтыруу, жогорку жана орто кесиптик билим берүүнү практикалык багыт алдыруу, билим берүүдө дүйнөлөштүрүү жараянына аралашуу, инновациялык технологияларды жигердүү колдонуу, жаштарга билим берүүдө социалдык жоопкерчиликти жогорулатуу, азыркы учурдун жана эмгек базарынын чакырыктарына жооп берүү. | 2026-2027-окуу жылы бою | Ректорат, ҮАББИ, ЭАКТИ, ГЭК, ЭАКТК, ЭАМК дирекциялары, бардык кафедралар жана бөлүмдөр, профессор-окутуучулар курамы жана кызматкерлер |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | Жалпылаштырып айтканда, жогорку жана орто кесиптик билим берүүнүн ийкемдүүлүгүн, технологиялыктуулугун жана актуалдуу маселелерди чечүүгө багыт алуусун камсыздоо. | | |
| 26. | “Университет 4.0” концепциясын, моделин жүзөгө ашыруу максатында иммерсивдик чөйрөнү түзүү, иммерсивдик технологияларды колдонуу, т.а. окуу жараянына терең сиңдирген технологияларды, усулдарды жана ыкмаларды колдонгон шарттарды атайын түзүү, виртуалдык жана кошумча реалдуулукка сиңдирүү натыйжасын берген каражаттарды, аспаптарды, усулдарды атайын колдонуу, санариптик дүйнө менен тыгыз карым-катнаш түзүү, максималдуу батыруу. Мисалы: экономика боюнча “Виртуалдык банк”, “Виртуалдык бухгалтерия”, туризм боюнча “Дестинация”, кийимдерди моделдөө жана тигүү технологиялары боюнча “Окуу-өндүрүштүк тигүү цехи”, медицина багытында “Клиникалык база”, маалыматтык технологиялар боюнча “1С: Ишкана” ишканалардын ишмердигинин макеттерин түзүү, “Лоо-Консалтинг” юридикалык клиникасы сыяктуу түзүлүштөрдү, жараяндарды имитациялоолорду түзүү, өнүктүрүү. Адистерди сапаттуу даярдоонун бир түрү болгон имитациялык оюндарды, көрсөтүүлөрдү, окууларды уюштуруу. | 2026-2027-окуу жылы бою | Ректорат, ҮАББИ, ЭАКТИ, ГЭК, ЭАКТК, ЭАМК дирекциялары, бардык кафедралар, профессор-окутуучулар курамы |
| 27. | ЭАУнун “Педагогика”, “Филологиялык билим берүү” багыттары, “Башталгыч класстарда окутуу”, “Мектепке чейинки билим берүү”, “Чет тили” адистиктери боюнча адистерди даярдоодо окуу-өндүрүштүк базаны арттыруу максатында ЭАУнун Эл аралык Кыргыз-Түрк лицейинин, “Бэмби” мектепке чейинки таалим-тарбия борборунун ишмердигин өнүктүрүү. | 2026-2027-окуу жылы бою | Ректорат, ЭАУнун Эл аралык Кыргыз-Түрк лицейинин, “Бэмби” мектепке чейинки таалим-тарбия борборунун дирекциялары |
| 28. | ЭАУнун Эл аралык Медициналык колледжинин медициналык багыттагы адистиктери боюнча клиникалык базаны арттыруу. | 2026-2027-окуу жылы ичинде | Ректорат, Эл аралык Медициналык колледждин дирекциясы, экономика, |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | эсеп-кысап, жыйынтыктоо жана каржы бөлүмү, чарба бөлүмү |
| 29. | ЭАУну жетиштүү түрдө тийиштүү квалификациясы, тажрыйбасы, окумуштуулук наам-даражалары бар сапаттуу кызматкерлер менен камсыз кылуу. | 2026-2027-окуу жылы бою | Ректорат, адам ресурстарын башкаруу бөлүмү, бөлүм башчылары |
| 30. | Кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу, педагогикалык чеберчиликти арттыруу, кесиптик билимди толуктоо, заман талаптарына ылайык жаңылоо. | 2026-2027-окуу жылы бою | Ректорат, адам ресурстарын башкаруу бөлүмү, профилдик кафедралар |
| 31. | ЭАУ кызматкерлеринин кызматтык милдеттерди аткаруусун координациялоо, ишмердигин көзөмөлдөө, эмгек тартибин, кызматкерлер тууралуу маалыматтар базасынын иштиктүүлүгүн камсыздоо, аттестациялоолорду өткөрүү. | 2026-2027-окуу жылы бою | Адам ресурстарын башкаруу бөлүмү, эмгек комиссиясы |

Түзүүчүлөр:

Илим, эл аралык байланыштар жана инновациялык
билим берүү технологиялары боюнча проректор — э.и.д., проф., РМА мүчө-корр. Т.Т. Омошев

Окуудан сырткары иштер, мамлекеттик тил жана
коомчулук менен байланыштар боюнча проректор — фил.и.к., проф., РМА мүчө-корр. А.С. Жолдошбаев